**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти, саясий илимдеринин доктору, профессор Абдрашев Акунжан Баказовичтин 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Темирбекова Аселдин “Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)” деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУ

Изденүүчү Темирбекова Аселдин “Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)”деген темадагы диссертациясын карап чыгып, эксперт төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортунасаясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин талабына жооп берүүчү Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары:**Советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоо диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.

Коюлган максат төмөнкүдөй милдеттер аркылуу берилген:

1 Авторитаризмди саясий режимдин тиби катары изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин изилдөө;
2 Авторитардык режимдердин заманбап түрлөрүн ачып берүү;
3 “Авторитардык инсандын башкаруусу” түшүнүгүн аныктоону изилдөөнүн концептуалдык негиздерин ачып берүү;
4 Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин

КИРИШ № ДК-96-20
«11» 11 2021 ж.

калыптанышы жана өнүгүшүн изилдөө жана негизги баскычтарын белгилөө;

5 Кыргызстандын демократияны курууга карай татаал жолундагы "үч ашуу" же демократиянын үч толкунун мүнөздөө;

6 Заманбап Кыргызстандын парламенттик башкаруу формасына карай багыт алышынын укуктук-сасий негиздерин изилдөө.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары заманбап Кыргызстандагы саясий процессти изилдөө.

Изилдөөнүн методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториянын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши. Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык-структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ-синтез, эмпирикалык аңдоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Постсоветтик республикалардагы саясий процесстердин анализи коомдук аң сезимде авторитардык тенденциялардын күчөп баратканын көрсөтүүдө. Саясий атаандаштыктын азайышы, шайлоолордун формалдуулугу, көп партиялуулук системасынын алсыздыгы, коррупцияга баткан саясий элита, бизнестин мамлекеттик бийликке карата ишениминин төмөндүгү, мамлекеттик кызматкерлердин мыйзамга эмес, тескерисинче, өзүнөн жогору турган башчыларына баш ийүү адатынын кулач жайышы, район менен облус, мекеме менен ишкана жетекчилерин жамаат тарабынан шайлоо сыяктуу демократиялык элементтердин жана процедуралардын жоюлушу ж.б. көптөгөн көрүнүштөр авторитаризмдин күчтүү экендигинен кабар берет.

Мамлекеттик башкаруунун бийликтердин үч бутакка бөлүнүшү жана алардын тең салмактуулугу, көп партиялуулук, парламентаризм сыяктуу демократиялык институттары жок өлкөдө жүргүзүлгөн саясий трансформациянын, рынок мамилелерине негизделген социалдык-экономикалык өзгөртүүлөрдүн жыйынтыгында авторитардык башкаруу саясий институттардын ишмердигинде белгилүү бир деңгээлде нормага айланып, көнүмүш эреже катары болуп калгандыгын көрүүгө болот.Демократиялаштыруунун үчүнчү толкунунунаякатшы менен дүйнө тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитаризм чыкканын мойнуна алууда десек туура болот. Ушундан улам демократиялык эмес саясий

режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот.

Өзгөчө, постсоветтик республикалардагы, Борбордук Азия, анын ичинен Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудураары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү.

Бул диссертациясында авторитардык башкаруунун элементтеринин Кыргыз Республикасындагы саясий процесстерге тийгизген таасири ар тараптуу изилдөөгө алынган. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт. Кыргызстанда мамлекеттик бушкаруунун оптималдуу моделин издөө процесси дагы деле уланып жатканын эске алсак, анда бул теманын актуалдуулугу дагы көбүрөөк айкын болот.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:

Жогорудагы айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында ким үчүн деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар:**

Иште саясий илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана дарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.).

-Коммунисттик тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитардык режим чыкты. Ушундан улам саясат таануучуларга, укук таануучуларга, жалпы эле коомдук илимдерди изилдеген окумуштууларга өткөөл мезгилдеги демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин

улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө негизги көңүлдү буруу сунушталган.

-Ата мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Анда саясий модернизация процессинде авторитардык башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасирии ликтенген;

-"Демократия аралчасы" деп аталган эгемен Кыргызстанда башкаруунун авторитардык элементтери эгемендиктин алгачкы күндөрүнөн баштап эле орной баштаганы аныкталган;

- Кыргызстандагы постсоветтик авторитаризмдин өнүгүү өбөлгөлөрү жана логикасы изилденген;

-Аксы окуялары, 2005 жана 2010-жылдардагы күч менен бийлик алмашуулар өлкөдөгү авторитардык башкаруунун саясий процесске тийгизген терс таасиринин жыйынтыгы катары изилдөөгө алынган;

- Көзкарандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү алгачкы жолу негизги баскычтарга бөлүнүп иликтенген;

- Кыргызстандын мамлекеттик башкаруунун парламенттик формасына карай багыт алышы өлкөдөгү авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө маанисинде изилденген;

-Заманбап Кыргызстандагы стабилдүүлүк менен ынтымакка терс таасир берүүчү авторитардык башкаруунун көйгөйлүү жактары иликтенген.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө материалды жыйноо ыкмаларды жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө:**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

-Диссертациясынын кол жазмасы жаңы булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин комплекстүү изилдөөгө алган илимий эмгек болуп саналат.

-Изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулган саясий, тарыхый жана

архивдик фактылар, эксперттик, социологиялык материалдары менен негизделген.

- Авторитардык саясий режимдин табиятын илимий талдоодо рационалдык тандоо теориясын, неоинституционализмди, системалуу анализ, биховиоризмди, салыштырмалуу анализ ж.б. методологиялык негиз катарыалган.

- Саясий илимдерде демократияны теориялоонун узак салты бар, ал эми авторитаризм акыркы мезгилге чейин демократиянын негизги мүнөздөмөлөрүнө ылайык келбеген режимдин бардык түрлөрү камтылган калдыктык категория катары саналып келген. Натыйжада, авторитаризмдин элементтери жана белгилери жетиштүү түрдө тутумдаштырылбаган жана концептуалдуу негизделбеген бойдон калууда. Азыркы учурда окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан авторитардык режимдердин жаңы типтерин бардык диапозонун негизги классификацилык критерийлерге ылайык шайлоочулук (электоралдык, элиталардын атаандаштыгын ), актордук (жогорку бийлик орундарына ээ болуп жана башкы саясий чечимдерди кабыл алган негизги саясий оюнчулардын призмасы аркылуу каралат) жана институционалдык (саясий партиялардын жана шайлоо институтунун режимдин ишке ашуусундагы ролу жана бийликти мурастап берүүнүн бар же жок экендиги сыяктуу белгилер) деп бөлүүгө болот.

-Акыркы жылдары окумуштуулар тарабынан сунуш кылынган авторитардык саясий режимдердин жаңы классификациясы демократия жана авторитаризм түрүндөгү эки өлчөмдүү бөлүнүүнү колдонгон мурунку типтештирүүнүн айрым кемчиликтеринен ийгиликтүү арылды деп тыянак чыгарса болот.

- Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары авторитардык режимди туруктуу кылган себептердин жана кесепеттердин бири-бири менен болгон байланыштарын, алар алып келүүчү кайгылуу, адамдардын өлүмү менен коштолгон саясий окуяларды Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын мисалында чагылдырууга мүмкүндүк берген.

-Ошондой эле демократиялык эмес башкаруулурдын мындан ары да уланышына кандай факторлор таасир этиши мүмкүн экендиги да каралган. Кыргызстандын ичинде орун алган саясий процесстерди жана башкаруу режимдин түрлөрүн изилдегенде заманбап эл аралык мамилелерди, ааламдашуунун таасирлерин жана башка мамлекеттер топтогон тажрыйбаны эске алуу туура методологиялык усул экендиги дагы бир жолу тастыкталган.

Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген

деп саноого болот.

**3.3 Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):**

Диссертант изилдөөсүндө ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер кыргыз саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Мисалы:

-Ата мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Анда саясий модернизация процессинде авторитардык башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасири иликтенген. Эреже катары, постсоветтик авторитаризмди талдоонун изилдөө көйгөйлөрүнөн улам "саясий режим" категориясын шайлоо жараянынын сапаттык жана атаандаштыктын бир өлчөмдүү мерчемдин чегинде гана карап чыгуу аз натыйжа берчүдөй. Ошондуктан, бул изилдөөдө, саясий режим бийлик кызматтарына жетүү каналдарын жөнгө салуучу жана мамлекеттик башкаруунун моделин калыптандыруучу расмий жана расмий эмес эрежелердин жыйындысы катары аныкталган. Муну жарым-жартылай жаңылык деп баалоого болот.

-Демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин коомдун “авторитаризмге карата ностальгиясы - кусалык, каалоосу” – “ийгиликсиз” демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыккандыгы жөнүндөгү жобо талдоого алынган.Азыркы саясий көз караштa сыпаттоосун автордун илимий ишинин негизги жаңылыгы катары эсептөөгө болот. Бул тема диссертациялык деңгээлде мурда атайын каралган эмес.

-Авторитардык башкаруу режиминин пайда болушу менен бирге, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын мисалы көрсөткөндөй, өткөөл коомдордо, каатчылык мезгилинде да, кескин өзгөрүшүнө жана келечекке ишенбестик абалында ксенофобия (үчүнчү күчтөр коркунучу), маданий өзгөрүштөргө (көп түрдүү диндик радикализм, батыштык массалык маданияттын күчтүү таасири) жана этностук азчылыктарга карата сабырсыздык пайда боло тургандыгы изилдөөгө алынган.Бул натыйжаны илимий иштин дагы бир жаңылыгы болуп саналат.

-Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана элдин мамлекеттик бийликке карата ишенимин кайтарып, көп улуттуу өлкөнүн ынтымагы менен биримдигин кепилдей алат. Ааламдашуунун оп тартма айлампасында руху күчтүү, маданияты бийик, биримдиктүү, жаратман улуттар гана өзү тандаган багыттан чыкпай, дүйнөлүк коомчулук менен тыкыз алакада болуп, бакубат турмушта жашап, кылымдардан бери аздектеген ата мурасын келечек муунга өткөрүп бере алат. Бул багыттар коомду демократиялаштырууга ыңгайлуу шарттарды түзөөрү аныкталган.

-Эгемендиктин алгачкы жылдарында коомдо пайда болгон демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда да, саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өткөндүгү белгиленген.

Демек, автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин 16 макаласында жарыяланган эмгектери бар анын ичинен төртөө чет өлкөлүк РИНЦке кирген илимий конференцияларда баяндалып журналдарда чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР УАК сунуштаган талаптарга толук жооп берет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн).**

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары, илимий айлампага киргизилген эмпирикалык маалыматтар мамлекеттик бийлик органдары тарабынан пайдаланылышы мүмкүн. Эгемен Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхын жазууда, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелеринин ишмердигинде, политология сабагын жана атайын курстар менен атайын семинарларды даярдоодо жана өтүүдө, мамлекеттик кызматкерлерди кесиптик кайра даярдоодо диссертациялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарын пайдалануу максатка ылайык келет. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт.

Темирбекова Аселдин “Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)”деген темадагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын изилдөө жыйынтыктары, илимий айлампага киргизилген эмпирикалык маалыматтар мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан пайдаланылышы мүмкүн.

Өзүнчө алынган башкаруучу инсандын авторитардуулугун мүнөздөөдө анын догматизм (сенектик), башка ойго, башка көз караш жана башкача аракеттерге чыдабастыгы, авторитардык баш ийдирүү, авторитардык агрессия, конвенционализм (макулдашуу) алкагында таанып билүү, кабылдоо сыяктуу кыял-жоруктардын жана жөндөмдөрүнүн жыйындысы түшүндүрүлөт. Тигил же бул лидерге жогорудагыдай мүнөздөр тиешелүү болсо, анда ал авторитардык режимге жан тартуусу мүмкүн деген калыптама сунушталат.

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот. Эгемен Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхын жазууда, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелеринин ишмердигинде, саясат таануу сабагын жана атайын курстар менен атайын семинарларды даярдоодо жана өтүүдө, мамлекеттик кызматкерлерди кесиптик кайра даярдоодо диссертациялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарын пайдалануу максатка ылайык келет. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын, жоболорун жана тыянактарын “Саясат таануу”, “Укук таануу”, “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” жана башка адистиктер менен багыттар боюнча атайын курстарды даярдоодо жана өтүүдө пайдалануу сунушталат. Мамлекеттик кызматкерлерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин кайра даярдоодо, аларга семинарларды жана тренингдерди өткөрүүдө диссертациялык изилдөөнүн материалдарын пайдалануу максатка ылайык болот.

**5. Авторефераттын, диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Алар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Демократиялык эмес саясий режимдердин авторитардык режимден башка көптөгөн түрлөрү толук берилген эмес.

2. Кыргыз Республикасынын 2021-жылы 11-апрелдеги референдум (жалпы элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган жаңы Конституциясы диссертациялык иште терең талдоого алынган эмес.

3. Диссертациялык иште колдонулган адабияттардын жана булактардын тизмесин азыркы талаптар менен так жабдып чыгуу сунушталат.

4.Текстин ичинде айрым бир грамматикалык каталарга жол берилген.

Жогорку айрым мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт. Диссертациялык иш изденүүчү А.Темирбекованын өз алдынча даярдаган, логикалуу жана жыйынтыктуу жазылган илимий эмгеги деп саноого толук мүмкүн.

1. **Сунуштамалар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы Темирбекова Аселдин “Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)” 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

***Жетектөөчү мекеме катары*** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Саясат таануу жана укук дисциплиналары» кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени аталган структуралык бөлүм саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча бараандуу изилдөөлөрдү жасап жана жарыкка чыгарып келе жатат. Ал жамаатта 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргогон профессордук жана доценттик окумуштуу наамдары бар педагогдор иштешет.

- ***Биринчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору, профессор Сааданбеков Жумагул Сааданбековичсунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар;

1. Сааданбеков Ж., Авторитаризм и демократия в развивающихся странах. М. 1996. С.14

2. Сааданбеков Ж., Нурсултан Назарбаев. Законы лидерства.-Астана: «Күлтегин», 2005, 608 стр. С.144-145.

3. Сааданбеков Ж., Сумерки авторитаризма: закат или рассвет.-Киев: "Ника-Центр", 2000, 540 стр.;

4. Авторитаризм и демократия на Востоке.-Астана: «Күлтегин», 2003, 408 стр.

- ***Экинчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйүнө жакын темадагы окумуштуу 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты Эсенгул Чынарасунуш кылынат. Ал окумуштуунун этностор аралык мамилелерге тиешелүү төмөнкү эмгектери бар;

1.Эсенгул Чынара, "Центральная Азия в прошлом: диалог или конфронтация?" Вестник КНУ, июнь 2012.

2. Эсенгул Чынара , «Национализм и Регионализм в Центральной Азии и Юго-Восточной Азии» Часть 1 (на английском), Республиканский научно-теоретический журнал «Наука и Новые Технологии», №1, 2013, Бишкек, Кыргызстан

3. Эсенгул Чынара, «Национализм и Регионализм в Центральной Азии и Юго-Восточной Азии» Часть 2 (на английском), Республиканский научно-теоретический журнал «Наука и Новые Технологии», №1, 2013, Бишкек, Кыргызстан

4. Эсенгул Чынара , «Регионализм, государственность и нетрадиционные угрозы безопасности в Центральной Азии», Казахстан-Спектр №4 (66) 2013 год, Казахский Институт Стратегических Исследований.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөө институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган изденүүчү

Темирбекова Аселдин “Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)” деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт:**
**саясий илимдеринин доктору,**
**профессор** **Абдрашев А.Б.**

*Комиссиянын мүчөсүнүн кол*
*тамгасын тастыктаймын:*

**Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин доктору**
**доцент** **Ч.Ш.Абдыраманова**
“_//_” ____//________ 2021ж

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти, саясий илимдеринин доктору, профессор Сааданбеков Жумагул Сааданбековичтин 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)"деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУ

Изденүүчү Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)"деген темадагы диссертациясын карап чыгып, Эксперт төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортунасаясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин талабына жооп берүүчү Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары:** Советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоо диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.

Коюлган максат төмөнкүдөй милдеттер аркылуу берилген:

1. Авторитаризмди саясий режимдин тиби катары изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин изилдөө;
2. Авторитардык режимдердин заманбап түрлөрүн ачып берүү;
3. "Авторитардык инсандын башкаруусу" түшүнүгүн аныктоону изилдөөнүн концептуалдык негиздерин ачып берүү;
4. Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин

№ ДК 99-20
12, 10 2021 ж

калыптанышы жана өнүгүшүн изилдөө жана негизги баскычтарын белгилөө;

5. Кыргызстандын демократияны курууга карай татаал жолундагы “үч ашуу” же демократиянын үч толкунун мүнөздөө;
6. Заманбап Кыргызстандын парламенттик башкаруу формасына карай багыт алышынын укуктук-сасий негиздерин изилдөө.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:** Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары заманбап Кыргызстандагы саясий процессти изилдөө.

Изилдөөнүн методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториянын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши. Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык-структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ-синтез, эмпирикалык аңдоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.**Саясий атаандаштыктын азайышы, шайлоолордун формалдуулугу, көп партиялуулук системасынын алсыздыгы, коррупцияга баткан саясий элита, бизнестин мамлекеттик бийликке карата ишениминин төмөндүгү, мамлекеттик кызматкерлердин мыйзамга эмес, тескерисинче, өзүнөн жогору турган башчыларына баш ийүү адатынын кулач жайышы, район менен облус, мекеме менен ишкана жетекчилерин жамаат тарабынан шайлоо сыяктуу демократиялык элементтердин жана процедуралардын жоюлушу ж.б. көптөгөн көрүнүштөр авторитаризмдин күчтүү экендигинен кабар берет.

Мамлекеттик башкаруунун бийликтердин үч бутакка бөлүнүшү жана алардын тең салмактуулугу, көп партиялуулук, парламентаризм сыяктуу демократиялык институттары жок өлкөдө жүргүзүлгөн саясий трансформациянын, рынок мамилелерине негизделген социалдык-экономикалык өзгөртүүлөрдүн жыйынтыгында авторитардык башкаруу саясий институттардын ишмердигинде белгилүү бир деңгээлде нормага айланып, көнүмүш эреже катары болуп калгандыгын көрүүгө болот.

Демократиялаштыруунун үчүнчү толкунунунаякатшы менен дүйнө тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитаризм чыкканын мойнуна алууда десек туура болот. Ушундан улам демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы

формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот.

Өзгөчө, постсоветтик республикалардагы, Борбордук Азия, анын ичинен Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудураары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү.

Бул диссертациясында авторитардык башкаруунун элементтеринин Кыргыз Республикасындагы саясий процесстерге тийгизген таасири ар тараптуу изилдөөгө алынган. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт. Кыргызстанда мамлекеттик бушкаруунун оптималдуу моделин издөө процесси дагы деле уланып жатканын эске алсак, анда бул теманын актуалдуулугу дагы көбүрөөк айкын болот.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:

Жогорудагы айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында ким үчүн деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар:**

Иште саясий илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана дарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.).

-Ата мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Андасаясий модернизация процессинде авторитардык башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасири иликтенген;

- “Демократия аралчасы” деп аталган эгемен Кыргызстанда башкаруунун авторитардык элементтери эгемендиктин алгачкы күндөрүнөн баштап эле орной баштаганы аныкталган;

-.Кыргызстандагы постсоветтик авторитаризмдин өнүгүү өбөлгөлөрү жана логикасы изилденген;

-Аксы окуялары, 2005 жана 2010-жылдардагы күч менен бийлик алмашуулар өлкөдөгү авторитардык башкаруунун саясий процесске тийгизген терс таасиринин жыйынтыгы катары изилдөөгө алынган;

- Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү алгачкы жолу негизги баскычтарга бөлүнүп иликтенген;

- Кыргызстандын мамлекеттик башкаруунун парламенттик формасына карай багыт алышы өлкөдөгү авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө маанисинде изилденген;

- Заманбап Кыргызстандагы стабилдүүлүк менен ынтымакка терстаасир берүүчү авторитардык башкаруунун көйгөйлүү жактары иликтенген.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө материалды жыйноо ыкмаларды жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө:**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

-Диссертациясынын кол жазмасы жаңы булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин комплекстүү изилдөөгө алган илимий эмгек болуп саналат;

-Изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулган саясий, тарыхый жана архивдик фактылар, эксперттик, социологиялык материалдары менен негизделген;

-Авторитардык саясий режимдин табиятын илимий талдоодо рационалдык тандоо теориясын, неоинституционализмди, системалуу анализ, биховиоризмди, салыштырмалуу анализ ж.б. методологиялык негиз катарыалган;

-Саясий илимдерде демократияны теориялоонун узак салты бар, ал эми авторитаризм акыркы мезгилге чейин демократиянын негизги мүнөздөмөлөрүнө ылайык келбеген режимдин бардык түрлөрү камтылган

калдыктык категория катары саналып келген. Натыйжада, авторитаризмдин элементтери жана белгилери жетиштүү түрдө тутумдаштырылбаган жана концептуалдуу негизделбеген бойдон калууда. Азыркы учурда окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан авторитардык режимдердин жаңы типтерин бардык диапозонун негизги классификацилык критерийлерге ылайык шайлоочулук (электоралдык, элиталардын атаандаштыгын ), актордук (жогорку бийлик орундарына ээ болуп жана башкы саясий чечимдерди кабыл алган негизги саясий оюнчулардын призмасы аркылуу каралат) жана институционалдык (саясий партиялардын жана шайлоо институтунун режимдин ишке ашуусундагы ролу жана бийликти мурастап берүүнүн бар же жок экендиги сыяктуу белгилер) деп бөлүүгө болот;

-Акыркы жылдары окумуштуулар тарабынан сунуш кылынган авторитардык саясий режимдердин жаңы классификациясы демократия жана авторитаризм түрүндөгү эки өлчөмдүү бөлүнүүнү колдонгон мурунку типтештирүүнүн айрым кемчиликтеринен ийгиликтүү арылды деп тыянак чыгарса болот;

-Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары авторитардык режимди туруктуу кылган себептердин жана кесепеттердин бири-бири менен болгон байланыштарын, алар алып келүүчү кайгылуу, адамдардын өлүмү менен коштолгон саясий окуяларды Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын мисалында чагылдырууга мүмкүндүк берген (85-114 б.б.);

-Ошондой эле демократиялык эмес башкаруулурдын мындан ары да уланышына кандай факторлор таасир этиши мүмкүн экендиги да каралган. Кыргызстандын ичинде орун алган саясий процесстерди жана башкаруу режимдин түрлөрүн изилдегенде заманбап эл аралык мамилелерди, ааламдашуунун таасирлерин жана башка мамлекеттер топтогон тажрыйбаны эске алуу туура методологиялык усул экендиги дагы бир жолу тастыкталган (115-134 б.б.).

Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**3.3 Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):**

Диссертант изилдөөсүндө ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер кыргыз саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Мисалы:

***Биринчиден,*** эреже катары, постсоветтик авторитаризмди талдоонун изилдөө көйгөйлөрүнөн улам "саясий режим" категориясын шайлоо

жараянынын сапаттык жана атаандаштыктын бир өлчөмдүү мерчемдин чегинде гана карап чыгуу аз натыйжа берчүдөй. Ошондуктан, бул изилдөөдө, саясий режим бийлик кызматтарына жетүү каналдарын жөнгө салуучу жана мамлекеттик башкаруунун моделин калыптандыруучу расмий жана расмий эмес эрежелердин жыйындысы катары аныкталган. Муну жарым-жартылай жаңылык деп баалоого болот.

***Экинчиден,*** демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин коомдун "авторитаризмге карата ностальгиясы - кусалык, каалоосу" – "ийгиликсиз" демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыккандыгы жөнүндөгү жобо талдоого алынган.Азыркы саясий көз караште сыпаттоосун автордун илимий ишинин негизги жаңылыгы катары эсептөөгө болот. Бул тема диссертациялык деңгээлде мурда атайын каралган эмес.

***Үчүнчүдөн,*** авторитардык башкаруу режиминин пайда болушу менен бирге, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын мисалы көрсөткөндөй, өткөөл коомдордо, каатчылык мезгилинде да, кескин өзгөрүшүнө жана келечекке ишенбестик абалында ксенофобия (үчүнчү күчтөр коркунучу), маданий өзгөрүштөргө (көп түрдүү диндик радикализм, батыштык массалык маданияттын күчтүү таасири) жана этностук азчылыктарга карата сабырсыздык пайда боло тургандыгы изилдөөгө алынган.Бул натыйжаны илимий иштин дагы бир жаңылыгы болуп ҫаналат.

***Төртүнчүдөн,*** Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана элдин мамлекеттик бийликке карата ишенимин кайтарып, көп улуттуу өлкөнүн ынтымагы менен биримдигин кепилдей алат. Ааламдашуунун оп тартма айлампасында руху күчтүү, маданияты бийик, биримдиктүү, жаратман улуттар гана өзү тандаган багыттан чыкпай, дүйнөлүк коомчулук менен тыкыз алакада болуп, бакубат турмушта жашап, кылымдардан бери аздектеген ата мурасын келечек муунга өткөрүп бере алат. Бул багыттар коомду демократиялаштырууга ыңгайлуу шарттарды түзөөрү аныкталган.

Демек, автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин 16 макаласында жарыяланган эмгектери бар анын ичинен төртөө чет өлкөлүк РИНЦке кирген илимий конференцияларда баяндалып журналдарда чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР УАК сунуштаган талаптарга толук жооп берет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)"деген темадагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын изилдөө жыйынтыктары, илимий айлампага киргизилген эмпирикалык маалыматтар мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан пайдаланылышы мүмкүн.

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот. Эгемен Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхын жазууда, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелеринин ишмердигинде, саясат таануу сабагын жана атайын курстар менен атайын семинарларды даярдоодо жана өтүүдө, мамлекеттик кызматкерлерди кесиптик кайра даярдоодо диссертациялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарын пайдалануу максатка ылайык келет. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын, жоболорун жана тыянактарын "Саясат таануу", "Укук таануу", "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" жана башка адистиктер менен багыттар боюнча атайын курстарды даярдоодо жана өтүүдө пайдалануу сунушталат. Мамлекеттик кызматкерлерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин кайра даярдоодо, аларга семинарларды жана тренингдерди өткөрүүдө диссертациялык изилдөөнүн материалдарын пайдалануу максатка ылайык болот.

**5. Авторефераттын, диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Алар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана

милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Демократиялык эмес саясий режимдердин авторитардык режимден башка көптөгөн түрлөрү толук берилген эмес.

2. Кыргыз Республикасынын 2021-жылы 11-апрелдеги референдум (жалпы элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган жаңы Конституциясы диссертациялык иште терең талдоого алынган эмес.

3. Диссертациялык иште колдонулган адабияттардын жана булактардын тизмесин азыркы талаптар менен так жабдып чыгуу сунушталат.

4.Текстин ичинде айрым бир грамматикалык каталарга жол берилген.

Жогорку айрым мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт. Диссертациялык иш изденүүчү А.Темирбекованын өз алдынча даярдаган, логикалуу жана жыйынтыктуу жазылган илимий эмгеги деп саноого толук мүмкүн.

1. **Сунуштамалар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

***Жетектөөчү мекеме катары*** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Саясат таануу жана укук дисциплиналары» кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени аталган структуралык бөлүм саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча бараандуу изилдөөлөрдү жасап жана жарыкка чыгарып келе жатат. Ал жамаатта 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргогон профессордук жана доценттик окумуштуу наамдары бар педагогдор иштешет.

- ***Биринчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору, профессор Сааданбеков Жумагул Сааданбековичсунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар;

1. Сааданбеков Ж., Авторитаризм и демократия в развивающихся странах. М. 1996. С.14

2. Сааданбеков Ж., Нурсултан Назарбаев. Законы лидерства.-Астана: «Күлтегин», 2005, 608 стр. С.144-145.

3. Сааданбеков Ж., Сумерки авторитаризма: закат или рассвет.-Киев: "Ника-Центр", 2000, 540 стр.;

4. Авторитаризм и демократия на Востоке.-Астана: «Күлтегин», 2003, 408 стр.

***Экинчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйүнө жакын темадагы окумуштуу 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты Эсенгул Чынарасунуш кылынат. Ал окумуштуунун этностор аралык мамилелерге тиешелүү төмөнкү эмгектери бар;

- 1.Эсенгул Чынара, "Центральная Азия в прошлом: диалог или конфронтация?" Вестник КНУ, июнь 2012
- 2. Эсенгул Чынара , «Национализм и Регионализм в Центральной Азии и Юго-Восточной Азии» Часть 1 (на английском), Республиканский научно-теоретический журнал «Наука и Новые Технологии», №1, 2013, Бишкек, Кыргызстан

3. Эсенгул Чынара, «Национализм и Регионализм в Центральной Азии и Юго-Восточной Азии» Часть 2 (на английском), Республиканский научно-теоретический журнал «Наука и Новые Технологии», №1, 2013, Бишкек, Кыргызстан

4. Эсенгул Чынара , «Регионализм, государственность и нетрадиционные угрозы безопасности в Центральной Азии», Казахстан-Спектр №4 (66) 2013 год, Казахский Институт Стратегических Исследований.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөө институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган изденүүчү Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден

демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)"деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт:**
**саясий илимдеринин доктору,**
**профессор** **Сааданбеков Ж.С.**

*Комиссиянын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктаймын:*

**Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин**
**Окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин доктору**
**доцент** **Ч.Ш.Абдыраманова**

"12" 10 2021-ж.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укуктук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти, саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичтин 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУ

Изденүүчү Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)"деген темадагы диссертациясын карап чыгып, эксперт төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортунасаясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин талабына жооп берүүчү Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары:**Советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоо диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.

Коюлган максат төмөнкүдөй милдеттер аркылуу берилген:

1. Авторитаризмди саясий режимдин тиби катары изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин изилдөө;
2. Авторитардык режимдердин заманбап түрлөрүн ачып берүү;
3. "Авторитардык инсандын башкаруусу" түшүнүгүн аныктоону изилдөөнүн концептуалдык негиздерин ачып берүү;
4. Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин

КИРИШ № Д/С-98-20
«12» 10 2021 ж

калыптанышы жана өнүгүшүн изилдөө жана негизги баскычтарын белгилөө;

5. Кыргызстандын демократияны курууга карай татаал жолундагы “үч ашуу” же демократиянын үч толкунун мүнөздөө;
6. Заманбап Кыргызстандын парламенттик башкаруу формасын карай багыт алышынын укуктук-сасий негиздерин изилдөө.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:** Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары заманбап Кыргызстандагы саясий процессти изилдөө.

Изилдөөнүн методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториянын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши. Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык-структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ-синтез, эмпирикалык аңдоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.**Постсоветтик республикалардагы саясий процесстердин анализи коомдук аң сезимде авторитардык тенденциялардын күчөп баратканын көрсөтүүдө. Саясий атаандаштыктын азайышы, шайлоолордун формалдуулугу, көп партиялуулук системасынын алсыздыгы, коррупцияга баткан саясий элита, бизнестин мамлекеттик бийликке карата ишениминин төмөндүгү, мамлекеттик кызматкерлердин мыйзамга эмес, тескерисинче, өзүнөн жогору турган башчыларына баш ийүү адатынын кулач жайышы, район менен облус, мекеме менен ишкана жетекчилерин жамаат тарабынан шайлоо сыяктуу демократиялык элементтердин жана процедуралардын жоюлушу ж.б. көптөгөн көрүнүштөр авторитаризмдин күчтүү экендигинен кабар берет.

Мамлекеттик башкаруунун бийликтердин үч бутакка бөлүнүшү жана алардын тең салмактуулугу, көп партиялуулук, парламентаризм сыяктуу демократиялык институттары жок өлкөдө жүргүзүлгөн саясий трансформациянын, рынок мамилелерине негизделген социалдык-экономикалык өзгөртүүлөрдүн жыйынтыгында авторитардык башкаруу саясий институттардын ишмердигинде белгилүү бир деңгеелде нормага айланып, көнүмүш эреже катары болуп калгандыгын көрүүгө болот.

Демократиялаштыруунун үчүнчү толкунунунаякатшы менен дүйнө тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитаризм чыкканын мойнуна алууда десек туура болот. Ушундан улам демократиялык эмес саясий

режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот.

Өзгөчө, постсоветтик республикалардагы, Борбордук Азия, анын ичинен Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудурааары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү.

Бул диссертациясында авторитардык башкаруунун элементтеринин Кыргыз Республикасындагы саясий процесстерге тийгизген таасири ар тараптуу изилдөөгө алынган. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт. Кыргызстанда мамлекеттик бушкаруунун оптималдуу моделин издөө процесси дагы деле уланып жатканын эске алсак, анда бул теманын актуалдуулугу дагы көбүрөөк айкын болот.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:

Жогорудагы айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында ким үчүн деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар:**

Иште саясий илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана дарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.).

-Ата мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Анда саясий модернизация процессинде авторитардык башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасири иликтенген;

-“Демократия аралчасы” деп аталган эгемен Кыргызстанда башкаруунун авторитардык элементтери эгемендиктин алгачкы күндөрүнөн

баштап эле орной баштаганы аныкталган;

-Кыргызстандагы постсоветтик авторитаризмдин өнүгүү өбөлгөлөрү жана логикасы изилденген;

-Аксы окуялары, 2005-жана 2010-жылдардагы күч менен бийлик алмашуулар өлкөдөгү авторитардык башкаруунун саясий процесске тийгизген терс таасиринин жыйынтыгы катары изилдөөгө алынган;

- Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү алгачкы жолу негизги баскычтарга бөлүнүп иликтенген;

- Кыргызстандын мамлекеттик башкаруунун парламенттик формасына карай багыт алышы өлкөдөгү авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө маанисинде изилденген;

-Заманбап Кыргызстандагы стабилдүүлүк менен ынтымакка терс таасир берүүчү авторитардык бушкаруунун көйгөйлүү жактары иликтенген.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө материалды жыйноо ыкмаларды жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө:**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

-Диссертациясынын кол жазмасы жаңы булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин комплекстүү изилдөөгө алган илимий эмгек болуп саналат.

-Изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулган саясий, тарыхый жана архивдик фактылар, эксперттик, социологиялык материалдары менен негизделген.

- Авторитардык саясий режимдин табиятын илимий талдоодо рационалдык тандоо теориясын, неоинституционализмди, системалуу анализ, биховиоризмди, салыштырмалуу анализ ж.б. методологиялык негиз катарыалган.

- Саясий илимдерде демократияны теориялоонун узак салты бар, ал эми авторитаризм акыркы мезгилге чейин демократиянын негизги мүнөздөмөлөрүнө ылайык келбеген режимдин бардык түрлөрү камтылган

калдыктык категория катары саналып келген. Натыйжада, авторитаризмдин элементтери жана белгилери жетиштүү түрдө тутумдаштырылбаган жана концептуалдуу негизделбеген бойдон калууда. Азыркы учурда окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан авторитардык режимдердин жаңы типтерин бардык диапозонун негизги классификацилык критерийлерге ылайык шайлоочулук (электоралдык, элиталардын атаандаштыгын ), актордук (жогорку бийлик орундарына ээ болуп жана башкы саясий чечимдерди кабыл алган негизги саясий оюнчулардын призмасы аркылуу каралат) жана институционалдык (саясий партиялардын жана шайлоо институтунун режимдин ишке ашуусундагы ролу жана бийликти мурастап берүүнүн бар же жок экендиги сыяктуу белгилер) деп бөлүүгө болот.

-Акыркы жылдары окумуштуулар тарабынан сунуш кылынган авторитардык саясий режимдердин жаңы классификациясы демократия жана авторитаризм түрүндөгү эки өлчөмдүү бөлүнүүнү колдонгон мурунку типтештирүүнүн айрым кемчиликтеринен ийгиликтүү арылды деп тыянак чыгарса болот.

- Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары авторитардык режимди туруктуу кылган себептердин жана кесепеттердин бири-бири менен болгон байланыштарын, алар алып келүүчү кайгылуу, адамдардын өлүмү менен коштолгон саясий окуяларды Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын мисалында чагылдырууга мүмкүндүк берген (85-114 б.б.).

-Ошондой эле демократиялык эмес башкаруулурдын мындан ары да уланышына кандай факторлор таасир этиши мүмкүн экендиги да каралган. Кыргызстандын ичинде орун алган саясий процесстерди жана башкаруу режимдин түрлөрүн изилдегенде заманбап эл аралык мамилелерди, ааламдашуунун таасирлерин жана башка мамлекеттер топтогон тажрыйбаны эске алуу туура методологиялык усул экендиги дагы бир жолу тастыкталган (115-134 б.б.).

Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**3.3 Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):**

Диссертант изилдөөсүндө ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер кыргыз саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Мисалы:

***Биринчиден,***Ата мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Анда саясий модернизация процессинде авторитардык

башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасири иликтенген. Эреже катары, постсоветтик авторитаризмди талдоонун изилдөө көйгөйлөрүнөн улам "саясий режим" категориясын шайлоо жараянынын сапаттык жана атаандаштыктын бир өлчөмдүү мерчемдин чегинде гана карап чыгуу аз натыйжа берчүдөй. Ошондуктан, бул изилдөөдө, саясий режим бийлик кызматтарына жетүү каналдарын жөнгө салуучу жана мамлекеттик башкаруунун моделин калыптандыруучу расмий жана расмий эмес эрежелердин жыйындысы катары аныкталган. Муну жарым-жартылай жаңылык деп баалоого болот.

***Экинчиден,***демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин коомдун "авторитаризмге карата ностальгиясы - кусалык, каалоосу" – "ийгиликсиз" демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыккандыгы жөнүндөгү жобо талдоого алынган.Азыркы саясий көз карашта сыпаттоосун автордун илимий ишинин негизги жаңылыгы катары эсептөөгө болот. Бул тема диссертациялык деңгээлде мурда атайын каралган эмес.

***Үчүнчүдөн,***авторитардык башкаруу режиминин пайда болушу менен бирге, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын мисалы көрсөткөндөй, өткөөл коомдордо, каатчылык мезгилинде да, кескин өзгөрүшүнө жана келечекке ишенбестик абалында ксенофобия (үчүнчү күчтөр коркунучу), маданий өзгөрүштөргө (көп түрдүү диндик радикализм, батыштык массалык маданияттын күчтүү таасири) жана этностук азчылыктарга карата сабырсыздык пайда боло тургандыгы изилдөөгө алынган.Бул натыйжаны илимий иштин дагы бир жаңылыгы болуп саналат.

***Төртүнчүдөн,***Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана элдин мамлекеттик бийликке карата ишенимин кайтарып, көп улуттуу өлкөнүн ынтымагы менен биримдигин кепилдей алат. Ааламдашуунун оп тартма айлампасында рухү күчтүү, маданияты бийик, биримдиктүү, жаратман улуттар гана өзү тандаган багыттан чыкпай, дүйнөлүк коомчулук менен тыкыз алакада болуп, бакубат турмушта жашап, кылымдардан бери аздектеген ата мурасын келечек муунга өткөрүп бере

алат. Бул багыттар коомду демократиялаштырууга ыңгайлуу шарттарды түзөөрү аныкталган.

**Бешинчиден,**Эгемендиктин алгачкы жылдарында коомдо пайда болгон демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда да, саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеоп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өткөндүгү белгиленген.

Демек, автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин 16 макаласында жарыяланган эмгектери бар анын ичинен төртөө чет өлкөлүк РИНЦке кирген илимий конференцияларда баяндалып журналдарда чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР УАК сунуштаган талаптарга толук жооп берет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)"деген темадагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын изилдөө жыйынтыктары, илимий айлампага киргизилген эмпирикалык маалыматтар мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан пайдаланылышы мүмкүн.

Өзүнчө алынган башкаруучу инсандын авторитардуулугун мүнөздөөдө анын догматизм (сенектик), башка ойго, башка көз караш жана башкача аракеттерге чыдабастыгы, авторитардык баш ийдирүү, авторитардык агрессия, конвенционализм (макулдашуу) алкагында таанып билүү, кабылдоо сыяктуу кыял-жоруктардын жана жөндөмдөрүнүн жыйындысы түшүндүрүлөт. Тигил же бул лидерге жогорудагыдай мүнөздөр тиешелүү болсо, анда ал авторитардык режимге жан тартуусу мүмкүн деген калыптама сунушталат.

Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот. Эгемен Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхын жазууда, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелеринин ишмердигинде, саясат таануу сабагын жана атайын

курстар менен атайын семинарларды даярдоодо жана өтүүдө, мамлекеттик кызматкерлерди кесиптик кайра даярдоодо диссертациялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарын пайдалануу максатка ылайык келет. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын, жоболорун жана тыянактарын "Саясат таануу", "Укук таануу", "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" жана башка адистиктер менен багыттар боюнча атайын курстарды даярдоодо жана өтүүдө пайдалануу сунушталат. Мамлекеттик кызматкерлерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин кайра даярдоодо, аларга семинарларды жана тренингдерди өткөрүүдө диссертациялык изилдөөнүн материалдарын пайдалануу максатка ылайык болот.

**5. Авторефераттын, диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Алар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Демократиялык эмес саясий режимдердин авторитардык режимден башка көптөгөн түрлөрү толук берилген эмес.

2. Кыргыз Республикасынын 2021-жылы 11-апрелдеги референдум (жалпы элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган жаңы Конституциясы диссертациялык иште терең талдоого алынган эмес.

3. Диссертациялык иште колдонулган адабияттардын жана булактардын тизмесин азыркы талаптар менен так жабдып чыгуу сунушталат.

4.Текстин ичинде айрым бир грамматикалык каталарга жол берилген.

Жогорку айрым мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт. Диссертациялык иш изденүүчү А.Темирбекованын өз алдынча даярдаган, логикалуу жана жыйынтыктуу жазылган илимий эмгеги деп саноого толук мүмкүн.

1. **Сунуштамалар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

***Жетектөөчү мекеме катары*** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Саясат таануу жана укук дисциплиналары» кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени аталган структуралык бөлүм саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча бараандуу изилдөөлөрдү жасап жана жарыкка чыгарып келе жатат. Ал жамаатта 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргогон профессордук жана доценттик окумуштуу наамдары бар педагогдор иштешет.

- ***Биринчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору, профессор Сааданбеков Жумагул Сааданбековичсунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар;

1. Сааданбеков Ж., Авторитаризм и демократия в развивающихся странах. М. 1996. С.14
2. Сааданбеков Ж., Нурсултан Назарбаев. Законы лидерства.-Астана: «Күлтегин», 2005, 608 стр. С.144-145.
3. Сааданбеков Ж., Сумерки авторитаризма: закат или рассвет.-Киев: “Ника-Центр”, 2000, 540 стр.;
4. Авторитаризм и демократия на Востоке.-Астана: «Күлтегин», 2003, 408 стр.

- ***Экинчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйүнө жакын темадагы окумуштуу 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты Эсенгул Чынарасунуш кылынат. Ал окумуштуунун этностор аралык мамилелерге тиешелүү төмөнкү эмгектери бар;

- 1.Эсенгул Чынара, “Центральная Азия в прошлом: диалог или конфронтация?” Вестник КНУ, июнь 2012.

- 2.Эсенгул Чынара , «Национализм и Регионализм в Центральной Азии и Юго-Восточной Азии» Часть 1 (на английском), Республиканский научно-теоретический журнал «Наука и Новые Технологии», №1, 2013, Бишкек, Кыргызстан

3. Эсенгул Чынара, «Национализм и Регионализм в Центральной Азии и Юго-Восточной Азии» Часть 2 (на английском), Республиканский научно-

теоретический журнал «Наука и Новые Технологии», №1, 2013, Бишкек, Кыргызстан

4. Эсенгул Чынара , «Регионализм, государственность и нетрадиционные угрозы безопасности в Центральной Азии», Казахстан-Спектр №4 (66) 2013 год, Казахский Институт Стратегических Исследований.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөө институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган изденүүчү Темирбекова Аселдин "Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт:**
**саясий илимдеринин доктору,**
**профессор** **Жоробеков Ж.Ж.**
______________________________

*Комиссиянын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктаймын:*

**Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин**
**Окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин доктору**
**доцент** **Ч.Ш.Абдыраманова**

"12" 10 2021-ж.